# Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады».

[Сахих (ишенимдүү)] [Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, раббисинен дуба кылып, анын кабырын адамдар улуктап, ага сажида кылып өөп сыйынуусунан сактоону сурады. Андан кийин Аллах Пайгамбарлардын кабырын мечитке (ибадат жайына) айланткан адамдарды Өз мээриминен алыстатты жана чыгарып салды. Анткени пайгамбарлардын кабырларын мечит кылып алуу аларга ибадат кылууга жана алар пайда жана зыян берет деп ишенүүгө жол ачат.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3336